# Каргазавр



Автор: Шалини Сринивасан

Сүрөтчү: Прабха Малиа

Которгон жана адаптациялаган: Асылгүл Токторбаева

# Каргазавр

Автор: Шалини Сринивасан
Сүрөтчү: Прабха Малиа
Которгон жана адаптациялаган: Асылгүл Токторбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020,
Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы
(https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Каргазавр" (кыргыз тилинде), Асылгүл Токторбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. Kraakasaurus (англисче) чыгарманын негизинде, автору Shalini Srinavasan, сүрөтчүсү Prabha Mallya, Pratham Books © 2017 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: [https://storyweaver.org.in/stories/11958-kaakaasaurus](https://storyweaver.org.in/stories/11958-kaakaasaurus)

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Айсанат бактын түбүндө китеп окуп, куймак жеп отурган. Жанына карга келип конду.

– Ой, салам, карга! – деди ал.



Айсанат куймакты тиштегени жатканда, карга аны колунан жулуп алып, учуп кетти.






Айсанат ордунан тура калып, дубалдан секирип өтүп, карганы кубалап чуркап жөнөдү.

– Карга, куймагымды бер! – деп кыйкырып баратты ал.



Карга шашпай учуп баратты. Анын денеси оорлошуп, чоңоё баштады. Анткени, анын канаты кичирейип бараткан.

– Азыр кармайм сени! – деп кыйкырды Айсанат.



Жолдо Арсен велосипед тээп бараткан болчу.

Уча албай эси оогон карга «Күп!» этип Арсендин үстүнө кулап түштү. Аңгыча Айсанат да жетип келди.



Арсен велосипед менен кошо жерде кулап жатыптыр. Капкара бир килтейген түрү суук, тиштери арсайган жандык аны чокулап жатат!

– Аай, карган өлтүрмөй болду!

–

деп кыйкырып жатты Арсен.

– Ал менин каргам эмес, карасаң, каргага деле окшобойт го,
– деди Айсанат.

Экөө тигини карап катып калышты. Чын эле карга эмей эле, динозаврга окшоп турат.






Карга-динозавр базарды көздөй учуп жөнөдү.

– Эми ал базардагы элди чокулап жүрбөсүн, – деп кейиди Айсанат.

– Токтотуш керек муну, – деди Арсен.




Карга-динозавр базардагы кишилердин төбөсүн чокумакчы болуп, каркылдап учуп жүрдү. Кишилер коргонуп жатышты. Базарда ызы-чуу.



Жалгыз гана профессор эже тиги жандыкка кызыгып карап, отурган ордунда кала берди.

– Өңүмбү же түшүмбү? Бул чын эле... жок болуп кеткен жандык эмеспи? – деп ойлонуп жатты.







Айсанат менен Арсен профессор эжени жөлөп ордунан турганга жардам беришти.

– Эже, сиз тигини көрдүңүзбү? – деп сурашты алар.

– Канаттуу-динозаврдыбы? Ооба, көрдүм. Мен жок болуп кеткен жаныбарларды өмүр бою изилдедим. Бирок алардын сөөктөрүн гана көргөм. Силер муну кайдан таптыңар?

Карга-динозавр базардан чыгып, ээн талааны көздөй учуп жөнөдү.

Айсанат, Арсен, профессор эже анын артынан жөнөштү.

Айсанат күчүнүн барынча жүгүрүп, тигини кууп жетти да, жонуна секирди:

– Кармады-ы-ым!

Арсен жакындап келип кыйкырып жиберди:

– Бул тиранозаврга айланып баратат го!





– Аа, алар бир туугандар да, – деди профессор эже камырабай,

– Канаттуулар менен динозаврлардын түбү бир. Динозавр өтүп бараткан кескелдирикти тиштейин деп, жетпей калды.

– Карасаң, уятсызды! Бир тууганын жегени жатат, тим эле!  –  деп жиберди Арсен.

– Жок, канаттуулар – динозаврдын тукумдары. Булар крокодилдер менен тууган болушат. Кескелдирик такыр башка түркүмгө кирет,  – деди профессор эже.

Карга-динозавр жерге бүктөлүп жата калып, аянычтуу үн чыгарды.

«Краа-кру-умп»



– Уча албай калдым деп жатат окшойт ээ? – деди Арсен.
Алар тигиге боору ооруп сылай башташты.



Баары профессор эженин үйүнө келишти. Столдун үстүндө табакта куймактар турган экен. Карга динозавр куймактын баарын табагы менен кошо жутуп койду.

Ал арсайган тиштерин көрсөтүп, оозун чоң ачып кекирип, «Каак» деп кубанычтуу үн чыгарды.

Арсен менен Айсанат бири-бирин карап:

– Биздин каргазавр! – деп кыйкырып жиберишти.





Канаттуулар динозаврлардан келип чыгышкан. Алардын окшоштуктары да, айырмачалыктары да бар.


Канаттуулардын:

– куйруктары кыска, канаттары узун

– жүндөрү жылмакай

– тиштери жок, тумшугу бар

– сөөктөрү ичке, жеңил.



Динозаврлардын:

– куйруктары узун, канаттары кыска

– жүндөрү кыска, катуу, тикчийип турат

– тиштери бар, тумшугу куштукундай эмес

– сөөктөрү оор жана жоон.

Канаттуу-динозавр жасай аласыңбы?





Мурунку беттеги сүрөттөрдү кагазга көчүрүп тарт.

Аларды кайчы менен кесип ал. Эми, кураштырып динозавр же канатуу куш жасасаң болот. Кааласаң, экөөнү тең жаса.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Шалини Сринивасан
Сүрөтчү: Прабха Малиа
Которгон жана адаптациялаган:
Асылгүл Токторбаева

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли